Ош облустук коомдук-саясый гезити
www.oshinfo.kg
# Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"
№17 [16975] ИШЕМБИ, 05/07/2025

## ОШМУНУН ЧЫГЫШ ТААНУУ ИНСТИТУТУ МЕНЕН ДҮЙНӨНҮН ЭШИГИН АЧ!



5-бетте

Азизбек Шамуратов:

## “ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА ӨРНӨКТҮҮ ИЙГИЛИКТЕРГЕ МАКСАТЫБЫЗ ЧОҢ”




4-бетте

**“Ош жаңырыгы” сиздер менен**

“Ош жаңырыгы” гезитине 2025-жылдын II жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана). 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош облустук коомдук-саясый гезити
Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

## Чеке жылыткан иштер арбын



8-бетте

## БАКЫТЫМ ДА, БАЙЛЫГЫМ ДА - КЫРГЫЗСТАН!



7-бетте

## «Араван-Сити» кичи шаарчага айланат



6-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
Т.Абдыразаков

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 848**
**Нускасы: 2100**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Заманбап медициналык жабдыктар тапшырылды

**Ош облустар аралык балдардын клиникалык ооруканасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында жаңы заманбап медициналык жабдыктар тапшырылды.**

Иш-чарага Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев катышып, медициналык жабдыктар облустук өнүктүрүү фонду тарабынан 3,4 миллион сомго сатылып алынганын белгиледи. Аталган жардамдын алкагында ооруклананын жандандыруу (реанимация) бөлүмүнө жасалма дем алдыруучу аппарат (ИВЛ) жана эки даана кувез (инкубатор) тапшырылды.

Облус жетекчиси Эльчибек Джантаев өз сөзүндө бул медициналык жабдыктар ымыркайлардын өмүрүн сактап калууда жана аларга сапаттуу медициналык жардам көрсөтүүдө маанилүү роль ойной турганын белгиледи.

“Өзгөчө салмагы аз, оор абалда төрөлгөн ымыркайлар үчүн бул жабдыктар абдан зарыл. Эми балдар коопсуз жана заманбап шартта дарылануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Бул – мамлекеттин жана коомдун балдар саламаттыгына болгон камкордугунун дагы бир мисалы,” – деди өкүл.




Медициналык кызматкерлер жана оорукананын жалпы жамааты облус жетекчилигине ымыркайлардын өмүрүн сактап калууга жана жашоого болгон үмүттү арттырууга кошкон салымы үчүн ыраазычылык билдиришти.

Тапшырылган жабдыктар өзгөчө наристелердин физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылган. Бул ыкма менен оорукананын материалдык-техникалык базасы дагы да бекемделип, медициналык тейлөөнүн сапаты жогорулайт.

# 2025/2026-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдык

**Ош облусунда 2025/2026-жылдардын күз-кыш мезгилине карата бардык тармактарда даярдыкты камсыздоо боюнча жыйын болуп өттү. Иш-чарага Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Курбанбек Айтибаев, район акимдери, тиешелүү мекеме-ишканалардын жетекчилери катышты.**

Жыйындын негизги максаты — калкты жана экономиканын ар түрдүү тармактарын көмүр, электр энергиясы жана жылуулук менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, ошондой эле күтүлбөгөн кырдаалдардын алдын алуу, энергияны үнөмдөө жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу болду.

Жыйындын жүрүшүндө облустагы мекеме-ишканалардын жетекчилери тарабынан күз-кыш мезгилине карата даярдык иштери тууралуу маалыматтар берилди. Мындай иштердин алкагында көмүр сатууну уюштуруу, керектүү ресурстарды өз учурунда даярдоо жана




тиешелүү иштерди үзгүлтүксүз жүргүзүү тапшырылды.

Президенттин өкүлүнүн биринчи орун басары Курбанбек Айтибаев Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 3-июнундагы №282 токтомунун аткарылышын камсыздоо боюнча ар бир тармакка тиешелүү милдеттерди жүктөп, калкты күз-кыш мезгилине даярдоо боюнча түшүндүрүү иштерин күчөтүүнү тапшырды.

# Ноокат–Кызыл-Кыя жолундагы оңдоо иштери

**Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев Ноокат районуна болгон иш сапарынын алкагында Ош-Баткен-Раззаков багытындагы Ноокат–Кызыл-Кыя жолунун калган бөлүгүнө асфальт төшөө иштеринин жүрүшү менен жеринен таанышты.**

Облус жетекчиси иштин ыргагын көрүп, сапаттуу курулуштун маанилүүлүгүн белгилеп өттү. Ал асфальт төшөө жана жол инфраструктурасын жакшыртуу иштеринин белгиленген графикке ылайык ылдамдатылышы зарылдыгын айтып, курулуш иштерин жүргүзүп жаткан тараптан 31-августка чейин жолду бүтүрүү боюнча конкреттүү убактаны алды.

Жол курулушунда жаралган маселелерди угуп, Эльчибек Джантаев тиешелүү мамлекеттик органдар менен жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө көйгөйлөрдү өз убагында чечүүгө көмөктөшүү тапшырмасын берди.

Азыркы учурда оңдоо иштерин “Кыргызавтожол-Түштүк” мамлекеттик ишканасына караштуу №2 жол куруу башкармалыгы жүргүзүүдө. Жолдун 47-75-чакырым аралыгы жаңыртылып,



туурасы 9 метр болуп, 15 см асфальт төшөлөт. Азыр биринчи катмарында 9 см басылып жатат. Ошондой эле эки четине лоток, тротуар жана жарыктандыруу тутумун орнотуу каралган.

Белгилей кетсек, 2024-жылы Ош-Баткен-Раззаков унаа жолунун 34+400дөн 40+400-чакырымга чейинки аралыгында асфальт төшөө иштери ийгиликтүү аяктаган.

Мындан сырткары, 2025-жылы Ош облусундагы жол инфраструктурасын жакшыртуу максатында өлкөнүн Турукташтыруу фондунан кошумча 4 миллиард сом бөлүнгөн. Бул каражаттын негизинде стратегиялык мааниге ээ болгон Өзгөн–Мырза-Аке–Кара-Кулжа жана Ош–Баткен–Раззаков багытындагы Ноокат–Кызыл-Кыя жолунун калган бөлүгүн оңдоо иштери улантылып жатат.

**Даярдаган:**
**К.Кыдыралиева.**

“Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин”
**(Аалы Токомбаев)**

# “МЕНИН ЭЛИМ, ЖЕРИМ ӨНҮГҮП-ӨССҮН”

**Союз мезгилинде колхоз-совхоздун башкармалары өздөрүнүн кызматтарын так аткарышып, таза иштешкенин жакшы билебиз. Ошондой башкармалардын бири Токтомат Зулпуев жөнүндө сөз кылабыз. Ал 1925-жылы 25-сентябрда Ноокат районундагы мурдагы “Россия” (азыркы Т. Зулпуев) айыл өкмөтүнүн Айбек айылында туулган. Эмгек жолун 1942-жылы Ноокат районундагы “Кызыл-Туу” мектебинин мугалими болуп иштөөдөн баштаган. 1944-жылы Ноокат районундагы “III-Интернационал” мектебинин мугалими, 1945-жылы ошол эле мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалган.**





1948-1951-жылдары партиянын Ноокат райком партиясынан пропагандисти болгон, 1951-1953-жылдары Кыргызстан компартиясынын борбордук комитетинин алдындагы республикалык партиялык мектептен билим алат. 1953-1955-жылдары партиянын Алай райком партиясынын пропоганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы, 1955-1957-жылдары партиянын Алай райкомунун МТС зонасы боюнча секретары, 1957-1958-жылдары Алай райком партиясынын 2-секретары, 1958-1961-жылдары Ноокат райондук “Коммунист” газетасынын башкы редактору болуп иштеген. 1961-жылы Алма-Атадагы партиялык жогорку мектепти сырттан окуп бүтүргөн. 1961-жылдан тартып, 1984-жылга чейин Ноокат районуна караштуу “Россия”колхозунун башкармасы болуп үзүрлүү эмгектенген.

Токтомат Зулпуев Ленин, Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендеринин жана медалдарынын ээси. Көптөгөн Ардак грамоталар менен сыйланган. Кыргыз ССР нин “Эл агартуусунун отличниги”, Кыргыз ССР Жогорку Советине эки жолку, №8, №11- чакырылышынын депутаты, жергиликтүү советке бир нече ирет депутат болуп шайланган.

Чындыгында, ар бир иштин жоопкерчилиги, түйшүгү болот эмеспи. Колхоз мезгилинде эмгектенгендер аны жакшы билишет, ал мезгилде тамеки, мал чарбачылыгы жана айыл чарбачылыгы менен алектенишкен. Ошондой эмгектин кайнаган мезгилинде Т.Зулпуев такшалды, ишке болгон кызыгуусу күчөдү. Жаштыгын, эмгекке болгон күч-кубатын “Россия” колхозуна арнады. Башкарма болуп келгенде эң артта калган колхоз тез- тезден “раистер” алмашып турган колхоз болчу дешет замандаштары. Каралбай калган Өсөр колхозун өйдөлөттү. Районду эң артка тарткан, артта калган колхозго райкомдун 1-секретары, бюро жетекчилери менен кеңешип, күчтүү талапты катуу койгон башкарма издешип, бир добуштан райондук “Колхозчу” газетасынын редактору катары Т.Зулпуевди туура көрүштү. Чыгармачыл инсан да болчу, убагында басмадан китебин да чыгарган.

Ошентип, 1961-жылы “Россия” колхозуна 41-раис болуп Т.Зулпуев бекитилди. Өз ишин мыкты билген, таза иштеген, чынчыл, кыраакы, ак жүрөк инсан элдин ишеничине арзып, руханий таянычына айланды.

Бир кезде камгак менен кескелдириктин мекени болгон Жаман-Адыр тарапка узундугу 12 чакырым болгон “Көтөрмө-Турат” каналы курулду. 300 гектар аянттагы кургак жер сугат жерге айланды. Жаман-Адырдын төмөн жагына мал чарба фермасын курдурду. Жетекчинин күчү, аракети менен колхоз өсүүнүн даңгыр жолуна түштү. Тамеки, айыл-чарбасы жана мал чарбасы боюнча алдыңкы орундарга жетише баштады.






Ноокат автожолунун боюна каз-катар кирпичтен курулган окшош эки кабаттуу үйлөр, кооз имараттар, төрөт үйү, оорукана, мектептер, музыкалык мектеп, маданият үйү, эки кабаттуу музей жана балдар-бакчалары курулду, жолдорго асфальт бастырылды. Ошондой эле маданий-спорт борбору тургузулду. Спорт комплекси жалгыз эле Кыркол элине гана эмес, жалпы Ноокат районундагы спортсмендердин сүйүктүү ордосуна айланып калды. Эмгектенип жүрүп, эс алууга чыкпаган дыйкандарды, чарбанын эсебинен ары жагы Кавказга, бери жагы көгүлтүр Ысык-Көлгө жиберди. Райондун аймагындагы “Россия” колхозунун даңкы далайга жетип, дүркүрөп өстү. СССР мезгилинде Ноокат районундагы “Россия” колхозун негиздеп, эң алдыңкы өнүккөн бай колхоздордун катарына кошту. Өз кезинде ВДНХ нын Ардак тактасынан түшпөй, дайыма элдин оозунда болуп, эң артта калган колхоз райондун намысын коргоп, дайыма сакталуучу Өтмө Кызыл Туунун ээси болуп турушкан. Бул да болсо, ошол кездеги башкарманын эл менен тыгыз түшүнө иштешкен айкөлдүгүнөн болчу. Анткени, ошол кездеги чарбанын экономикасы жана маданияты болуп көрбөгөндөй өсүп-өнүгүп “Россия” колхозу “миллионер” чарбага айланган. Бирок, убакыттын өтүшү менен көрө албастыктын кесепетинен Т.Зулпуевдин иштерине бут тосуулар болду. Оор басырыктуу, сабырдуу, чыдамкай, иш билги, тажрыйбалуу жетекчи, акыл калчап кысым көрсөтүлгөнүн элге билдирбестен, ден соолугума байланыштуу кызматымды тапшырдым деп айткан экен.

Ошентип, 1987-жылы ардактуу эс алууга чыгат. Т.Зулпуев аз өмүр жашап, элине эстен чыккыс көп эмгек жасап кетти. Чейрек кылымдан ашуун мезгил ичинде жасаган чети оюлгус эмгектери, курулуштары, дыйканчылыктан тапкан өмүр шерик олжолору нукура элдик башкарманын көөнөрбөс, унутта калбас ишмердигин эстетет.

Келечекте “Россия” колхозун шаар тибине айландырам деген асыл ой-максаттары, аруу тилектери ишке ашпай калды дейт Үмөтаалы Мырзаматов.

Өзүнүн тагдырын чарбанын ишине арнаган көрөгөч, мыкты жетекчи эле. Замандаштары айткандай, адамдарга жылуу сүйлөгөн, мамилеси түз, бирөөгө жамандык каалабаган илимдүү, билимдүү жана сүрдүү инсан болгон. Звено башчыларын, саанчы-малчылардын жана дыйкандардын эмгегин жогору баалап, сыйлыктарды берип турган. Депутаттыкка чейин колдогон жетекчи эле деп эскеришет.

1985-жылы 25-декабрда Ош обкомпартиясынын секретары Р.С.Кулматов капысынан кызматтан алып коет. Иш бөлмөсүнө замандашы Рустам Матраимовду чакырып, “мени Р.Кулматов жумуштан алды, эми силер жакшы иштегиле, мен пенсияга чыктым”,- деп көзүнө жаш алып, чогуу иштешкен жамаатты менен кош айтышкан экен.

Т.Зулпуевдин 100 жылдыгын өткөрүү боюнча азыртан даярдыктарды көрүп жатабыз. Тарыхта аты калган,биз сыймыктанган бул инсандын эмгегин улантып келатабыз. Жакшы адамдын артында,жакшы сөзү менен жакшы эмгеги калат эмеспи. Биздин айыл өкмөтүнүн кызматкерлери гана эмес-,ал кишини билгендердин көбүнүн эсинде деп ойлоймун дейт айыл өкмөтүнүн башчысы Данияр Тажибаев.

**Бурма Ысакова.**

## Ноокат районунун Көк-Жар айыл өкмөтүнүн башчысы Азизбек Шамуратов:

# “ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА ӨРНӨКТҮҮ ИЙГИЛИКТЕРГЕ МАКСАТЫБЫЗ ЧОҢ”

*“Көк-Жар” айыл өкмөтү” Көк-Жар”, Найман жана Он-Эки-Бел айыл өкмөттөрүнүн биригүүсүнүн негизинде түзүлүп, 12 айылдан турат. Калкы 34 571 адамды түзүп, 5 627 кожолук катталган.*

*2024-жылы айыл өкмөтүнүн жалпы киреше бөлүгү республикалык бюджеттен бөлүнгөн жана атайын каражаттардын эсебинен 49 919 700 сом деп бекитилген. Жыл ичинде кирешенин такталган планы АТРге ылайык, 66 855 400 сом болуп, аткарылышы 72 075 000 сомго жеткен. Белгилеп кетүүчү жагдай, “Көк-Жар” айыл аймагы 2023-жылдын жыйынтыгында дотациядан толук чыккан. 2024-жылдын 12 айында АТРге карата дотация үлүшү 7,1 ды түзүп, 2025-жылы толугу менен дотациядан чыгуу максатында аракеттер көрүлүүдө.*




Айта кетсек, Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата “Көк-Жар” айыл аймагында төрт маанилүү объект ишке берилди. Алардын катарында бир социалдык объект, айыл чарбасына багытталган бир логистикалык борбор, бир тигүү цехи жана асфальт заводу пайдаланууга берилди. Ошондой эле Сарыканды айылында 225 орундуу Маданият орто мектеби ачылып, пайдаланууга тапшырылды.

«Санарип аймак» автоматташтырылган маалыматтык тутумунун алкагында калктын саны боюнча маалыматтарды киргизүү иши 2025-жылдын 1-январына карата 80,1% ды түзүп, учурда “Көк-Жар” айыл аймагында маалымкаттар, документтер жана башка талап кылынган маалыматтар толугу менен санарип форматка өткөрүлүп, заманбап шарттарда калкка тейлөө кызматы көрсөтүлүүдө.

## Өнөр жай жана өндүрүш

2024-жылы Көк-Жар айыл аймагында өндүрүлгөн продукциянын жалпы көлөмү 42 746 000 сомду түздү. Жыл ичинде 3 жаңы өнөр жай ишканасы ишке кирип, 32 адам туруктуу жумуш менен камсыз болду. Аймакта 4 автоунаа оңдоочу сервис, 2 вулканизация цехи, Алашан, Он -Эки Бел жана Каранай айылдарында 3 мөмө-жемиш сактоочу муздаткыч, 5 навайкана, 4 автоунаа жуучу жай, 4 пластикалык терезе жана эшик чыгаруучу ишкана ачылып, жергиликтүү тургундар жумуш орундары менен камсыздалды.

Борбаш айылында жеке ишкер А. Бекмурзаев таш майдалоочу ишкана ачып, 6 адам жумушка алынса, Найман айылында CASA-1000 долбоорунун алкагында тигүү цехи ишке кирип, 15 жумушчу оруну түзүлдү. “Көк-Жар” айылында Камалдин уулу Алтынбек тарабынан ачылган кондитердик цехте 4 адам туруктуу жумуш менен камсыз болду.

## Айыл чарба жана мал чарбачылыгы

2024-жылы айыл чарба эгиндеринин жалпы орулуучу аянты 3802 га түзүп, анын ичинен 1932 га сугат, 1870 га кайрак жерлер болду. 2025-жылдын 1-январына карата аймакта 9218 баш ири мүйүздүү мал, 21403 баш майда жандык катталды. 5892 баш мал идентификациядан өткөрүлүп, маалымат базасына киргизилди. Азыркы учурда айыл аймакта 3 ветеринардык кызмат көрсөтүүчү жай элге тейлөө көрсөтүп келет. Жайыт төлөмдөрүнүн жыйналышы да толук аткарылып, 2024-жыл үчүн белгиленген 766 600 сомдун бардыгы чогултулуп, 100% ишке ашырылды.




## Аймактын инфратүзүмү жакшырууда

“Көк-Жар” айыл аймагында 2024-жылы инфратүзүмдү өнүктүрүү багытында бир катар иштер жүргүзүлдү. Аймакты көрктөндүрүү жана жашылдандыруу үчүн жергиликтүү бюджеттен 240 000 сом каралып, ички арыктарды тазалоо, таштандыларды чыгаруу, гүлдөрдү тигүү иштери жүргүзүлгөн. Аймакты таза суу менен камсыз кылуу иштери “Көк-Жар”, Алашан жана Борбаш айылдарына таза суу түтүктөрүн жеткирүү жана оңдоо иштерине жергиликтүү бюджеттен 611 000 сом бөлүнүп берилип, толугу менен иштер аткарылды.



Ички жолдорду оңдоп-түзөө, шагыл төшөө максатында 485 000 сом каражат жумшалып, бир катар айылдардагы жолдор жакшыртылды. Түнкү жарыктандыруу боюнча айыл өкмөтүнүн бюджетинин эсебинен 187 000 сом акча каражат бөлүнүп, түнкү чырактар орнотулду.

Ал эми «Жашыл мурас» программасынын алкагында 2024-жылы жашылдандыруу жана көрктөндүрүү багытында негизги жолдордун жээктерине, мекеме-ишканалардын айланасына 570 түп ийне жалбырактуу жана жазы жалбырактуу бак-дарактар отургузулду. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен 240 000 сом бөлүндү. Айылдардагы таштандыларды сыртка чыгаруу үчүн Улуу-Тоо аймагынан 2,5 гектар жер тилкеси бөлүнүп, азыркы тапта таштанды полигонунун тиешелүү иш-кагаздары такталып жатат.

## Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу

-2024-жылы “Көк-Жар” айыл аймагында өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу чараларына жергиликтүү бюджеттен 600 000 сом акча каражат багытталды. Жаз мезгилинин жаанчыл келиши менен аймакта сел коркунучтары жаралып, ӨКМ тарабынан 336 000 сомдук 120 даана габион сетка бөлүнүп, Ак-Өтөк сел сайындагы жаңы курулган эки көпүрөнүн жээгин бекемдөө максатында орнотулду. Мындан тышкары, Алашан айылын аралап өткөн каналдын жээгин бекемдөө үчүн ӨКМ тарабынан 2 100 литр солярка бөлүнсө, Борбаш жана Нарай айылдарын байланыштырган көпүрөнү калыбына келтирүүгө 281 958 сомдук курулуш материалдары жана 4 600 литр дизель отуну берилди.

2024-жылдын май-июнь айларында нөшөрлөп жааган жамгырдын кесепетинен аймакта алты жолу сел жүрүп, Жийде, Борбаш, Алашан, Найман жана Сарыканды айылдарындагы 71 турак үйдүн короолоруна сел суусу кирип кеткен. ӨКМ тарабынан тазалоо иштери жүргүзүлүп, Кызыл Жарым Ай коомунан 1 775 000 сом акчалай жана азык-түлүк түрүндө жардам көрсөтүлдү. Катуу сел суулары таза суу түтүкчөлөрүн жууп кеткендиктен, бир катар айылдар таза суусуз калгандыгын айтып кетүүгө болот. Бул маселени чечүү максатында Ош облустук өнүктүрүү фонду тарабынан 6 600 000 сом акча каражат бөлүнүп, суу түтүктөрүнүн материалдары сатылып алынып, бүгүнкү күндө аймак тургундары таза суу менен камсыз болушту.

## Инвестиция тартуу

Өткөн жылы “Көк-Жар” айыл аймагына жалпысынан 185 709 000 сомдук инвестиция тартылып, тышкы инвестиция - 20 890 000 сом, ички инвестиция - 164 819 000 сомду түздү. Бул боюнча токтолуп кетсек, Найман айылында “Кыргыз автожол” ишканасы тарабынан 77 млн сомдук асфальт заводу курулду. Ошондой эле CASA-1000 долбоору аркылуу ошол эле айылда 2 650 000 сомдук 20 орундуу тигүү цехи ачылды. Он-Эки-Бел айылында CASA-1000 жана жеке ишкер Сыранов Алмаз тарабынан 15 млн. сомго 500 тонналык логистикалык борбор курулуп, пайдаланууга берилди.

Алашан айылында жайгашкан “Алашан келечеги” мектепке чейинки билим берүү мекемесин капиталдык оңдоого республикалык түрткү берүүчү гранттан 2 690 300 сом, жергиликтүү бюджеттен 622 576 сом бөлүнүп, оңдоо иштери бүткөрүлдү. Найман айылындагы балдар бакчасынын оңдолушу үчүн да түрткү берүүчү грант менен 2 788 000 сомдук долбоор ишке ашырылып, республикалык бюджеттен 2 078 000 сом, жергиликтүү бюджеттен 710 000 сом бөлүндү. “Көк-Жар” айылында 100 орундуу оорукана куруу иштери жүрүп, бул багытта республикалык бюджеттен 154 млн сом каралса, бүгүнкү күндө анын 110 млн сому сарпталды. 2021-жылы “Дельталог” курулуш компаниясы ишти баштаган. Аймакта Ассанабил фонду жана жергиликтүү жамааттын салымы менен 10 млн сомдук билим берүү комплекси курулуп, пайдаланууга берүүгө даярдалууда. Бүткүл дүйнөлүк Азык-түлүк программасы аркылуу жарандарды убактылуу жумуш менен камсыз кылуу максатында 8 млн 740 000 сомдук инвестиция тартылып, тиешелүү жумуштар аткарылды.

## Жергиликтүү калктын демилгелери

Жергиликтүү калктын демилгечилери да активдүү иш жүргүзүшүп, “Көк-Жар” айылында жамаат тарабынан 290 000 сомго Жаңы Конуш көчөсүнө шагыл төшөлдү. Каранай айылында жеке ишкер Г. Тагаева тарабынан 1 млн. сомго үлүш жерлерге өтүүчү көпүрө курулду. Каранайда дагы жамаат тарабынан 150 000 сомго 6 көчө жарыктандырылып, 510 000 сомго шагыл төшөлдү.

Сарыканды айылында “Ассанабил” фонду тарабынан 500 000 сомго скважина оңдолуп, эл таза суу менен камсыз болду. Жергиликтүү бюджет жана элдик салым аркылуу 60 кичи чыңалуудагы мамычалар орнотулду. Маданият орто мектебинин тротуарына жамаат тарабынан 230 000 сомго брусчатка төшөлдү. Жеке ишкерлер тарабынан Сарыканды айылындагы ички көчөлөргө 380 000 сомго шагыл төшөө иштери жүргүзүлсө, 75 орундуу “Ак-Шоола” балдар бакчасына 150 000 сомго эмеректер алынып берилди. Борбаш айылында жамаат тарабынан 350 000 сомго жолдорго шагыл төшөлүп, 40 000 сомго жарнамалык тактайчалар орнотулду.

Айыл аймагындагы Жийде айылында жамаат тарабынан 2 км аралыкка 50 даана түнкү жарыктандыруучу лампалар орнотулса, Р. Осмонов көчөсүнө 60 000 сомго суу түтүктөрү тартылды. CASA-1000 долбоору аркылуу айылга 1 млн 331 200 сомдук 128 даана ЖБ үлгүсүндөгү электр мамычалары жана чубалгылары орнотулду. Жеке ишкер С.Түркбаев тарабынан 70 000 сомго шагыл төшөө иштери аткарылды. Ак-Этек айылында жамааттын салымы менен 2 көчөгө 180 000 сомго шагыл төшөлдү. Нарай айылындагы жаңы конуштарда жеке ишкерлер жана жамаат тарабынан 660 000 сомго шагыл төшөлүп, жолдор жакшыртылды.

Он-Эки-Мойнок айылында Жаникулов жана Кожаев көчөлөрүн таза суу менен камсыз кылуу максатында “Ассанабил” фонду тарабынан 450 000 сомго жер алдындагы скважина оңдолуп, таза суу чыгарылды. Алашан айылында жамаат тарабынан 800 000 сомго таза суу түтүктөрү тартылып, 3 скважина оңдолуп, пайдаланууга берилди. Ошондой эле айыл ичиндеги 2 көчөгө 170 000 сомго түнкү жарыктандыруу иштери жүргүзүлдү. Найман айылына да жамааттын колдоосу менен 6 көчө жарыктандырылды.

**Б. Ысакова.**

# ОшМУнун Чыгыш таануу институту менен дүйнөнүн эшигин ач!

**Кыргызстандагы билим берүү системасынын дүйнөлүк глобализациянын жана интеграциянын шарттарына ылайык билим берүүнүн эл аралык стандарттарына ыңгайлашуусунун мезгилинде өлкөдөгү жогорку окуу жайларынын ар биринин алдына мамлекет жана коомчулук тарабынан өзгөчө талаптар коюлуп келет.**

Президент С.Жапаров өлкөдөгү Жогорку окуу жайларынын ичинен 5 окуу жайга, анын ичинде Ош мамлекеттик университетине “Өзгөчө статус” берип, кыска убакыттын ичинде дүйнөдөгү алдыңкы окуу жайлардын катарына кошулуу менен өлкөбүздүн өнүгүүсүнө салым кошууну окуу жайга милдеттендирди.

Өлкө жетекчисинин окуу жайга “Өзгөчө статус” берүүсү менен коштолгон өзгөчө тапшырмаларына окуу жайдын миссиясы дагы шайкеш келип, жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу заманбап адистерди даярдоого багыт алды.

Ош мамлекеттик университети классикалык университеттен – дүйнөлүк деңгээлдеги изилдөөчү жана инновациялык университетке трансформациялануунун келечекке карай максат кылып коюу менен дүйнөнүн алдыңкы ТОП-700 изилдөөчү университетинин катарына кирүүнү жана Борбордук Азиядагы эң алдыңкы 3 университеттин бирине айландырууну негизги стратегиясы катары жарыялады.

Мезгилдин мына ушундай жоопкерчиликтүү шарттарында ОшМУнун Чыгыш таануу институтунун 2024-2034-жылдарга карата өнүктүрүүнүн стратегиялык-приоритеттик багыттары иштелип чыгып, кабыл алынды.

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 31-мартындагы №7 жыйынын протоколу менен бекитилген ОшМУнун миссиясына (Буйрук №1548. 10-апрель, 2023-жыл), “Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү концепциясына” (№4 протокол, 8-февраль, 2029-жыл. Буйрук №97) жана “Ош мамлекеттик университетинин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели” стратегиялык программасы сунушталып, Ош



мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынып (№5 протокол, 20-январь, 2023-жыл. Буйрук № № 182-ФХД/23 23.01.2023), бир топ ийгиликтүү иштер башталды.

Чыгыш таануу институтундагы окуу жайыбыздын алдына койгон стратегиялык өнүктүрүү программасына таянып, өзүнүн 2024-2034-жылдарга карата 10 жылдык стратегиялык планын иштеп чыгып, кабыл алды.

Чыгыш таануу институтунун негизги миссиясы – бул, Ош мамлекеттик университетинин миссиясына негизделип, Чыгыш өлкөлөрүн комплекстүү өздөштүрүү менен чыгыш өлкөлөрүнө интеграцияланып, инновациялык жолдор менен Кыргызстандын бардык тармактарынын интенсивдүү өнүгүүсүнө инвестиция тартып, даярдап жаткан кадрларыбыз аркылуу комерциализацияны жолго коюу менен, өлкөнүн жыргалчылыгына кызмат кыла турган компетенттүү заманбап кадрларды даярдоо болуп саналат.

### Чыгыш таануу институтунда төмөнкүдөй фонддор, окуу жана котормо борборлору иштейт:

“Чыгыш кол жазмалары жана мурастары” фонду, “Достук, толеранттуулук жана медиаторлук”, “Катар-Араб”, “Араб тили жана маданияты”, “Түрк тили жана маданияты”, “Корей тили жана маданияты”, “Кытай тили жана маданияты”, “Япон тили жана маданияты”, “Иран тили жана маданияты”, “Хинди тили жана маданияты”, “Англис тили жана маданияты” борборлору чет өлкөлүк окуу жайлары менен тыгыз кызматташып, иш алып барышат.

Аталган фонддор жана борборлор сабактан кийин студенттерге кошумча билим гана бербестен, чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары менен кызматташып, окуу жайыбызга инвестиция тартууда алгылыктуу иштер алып барат.

2017-жылдан 2024-жылга чейин жалпы суммасы 7 млн сомго жакын инвестиция тартууга жетишти.

Аталган фонддордун жана борборлордун жардамы менен 2017-жылдан 2024-жылга чейин 100гө жакын студенттер жана магистранттар Корея, Түркия, Египет, Иордания, Чехия, Германия, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан ж.б. алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө барып академиялык мобилдүүлүк программасы менен окуп келишти.

Институтка Өзбекстан, Тажикстан, Түркия Республикаларынын, Россия Федерациясынын, Сириянын жарандары дагы студент, магистрант катары окуп, билим алып келишсе, учурда Корея Республикасынын, Түркия Республикасынын, Россия Федерациясынын, Сириянын жана Германия Федеративдүү Республикасынын жарандары Чыгыш таануу институтунун чыгыш таануу кафедрасында окутуучу катары эмгектенип келишет.

Чыгыш таануу институтунун илимий-изилдөө “Эгемендүү Кыргызстандагы чыгыш таануунун, лингвистиканын, филологиянын жана конфликтологиянын актуалдуу маселелери” деп аталып, бул багытта чыгыш таануу кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамы бир топ илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүп келет.

Учурда, Ош мамлекеттик университетинин ички грантынын эсебинен жалпы суммасы 5 млн. сомго жакын каражат жумшалган 4 илимий-изилдөө долбоору ишке ашып жатат.

Чыгыш өлкөлөрү боюнча илимий макалаларды гана кабыл алган институттун “Чыгыш таануу маселелери” аталышындагы илимий журналы 2020-жылдан бери жарык көрүп келет.

### Чыгыш таануу институтунун 2024-2034-жылдарга карата стратегиялык планы

Чыгыш таануу институтунун стратегиялык планы – бул, ОшМУнун миссиясына, “Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү концепциясына” жана “Ош мамлекеттик университетинин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели” стратегиялык программасына негизделип ИННОВАЦИЯЛЫК жолдор менен чыгыштын жана дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүнө ИНТЕГРАЦИЯЛАНЫП, өлкөбүздүн интенсивдүү өнүгүүсүнө ИНВЕСТИЦИЯ тартууну камсыз кылуу жана КОМЕРЦИАЛИЗАЦИЯНЫ ишке ашыруу пландаштырылып, ушул жогоруда белгиленген 4 багыт боюнча иштер интенсивдүү жүргүзүлүп келет.

Чыгыш таануу институту – жаштардын жан досу, келечектин тандоосу!

Биз менен дүйнөнүн эшигин ач!

***Жолдошбек Бөтөноев, ОшМУнун Чыгыш таануу институтунун директору, тарых илимдеринин кандидаты, доцент.***



### ЧЫГЫШ ТААНУУ ИНСТИТУТУНУН ЧЫГЫШ ТААНУУ КАФЕДРАСЫНДА УЧУРДА ТӨМӨНКҮ БАГЫТТАР (АДИСТИКТЕР) БОЮНЧА ЗАМАНБАП АДИСТЕР ДАЯРДАЛЫП КЕЛЕТ:

| № | Адистиктердин аталыштары | Окуу мөөнөтү | Окуу формасы | Контракттын суммасы |
|---|---|---|---|---|
| | **БАКАЛАВРИАТ** | | | |
| 1 | “Чыгыш таануу” адистиги Профиль: “Чыгыш тилдери жана дипломатиясы” (араб-англис, түрк-англис, фарси-англис, кытай-англис, корей-англис, япон-англис тилдери) | 4 жыл | Күндүзгү | 45 000 сом |
| 2 | “Чыгыш таануу” адистиги Профиль: “Чыгыштын тарыхы – чыгыш тилдерин окутуу менен” (араб-англис, түрк-англис, фарси-англис, кытай-англис, корей-англис, япон-англис тилдери) | 5 жыл | Сырттан | 35 000 сом |
| 3 | “Лингвистика” адистиги Профиль: “Котормо жана котормо таануу: чыгыш тилдери” (араб-англис, түрк-англис, фарси-англис, кытай-англис, корей-англис, япон-англис тилдери) | 4 жыл | Күндүзгү | 45 000 сом |
| 4 | “Филология” адистиги Профиль: “Чыгыш тилдерин окутуунун усулдары/методикасы” (араб-англис, түрк-англис, фарси-англис, кытай-англис, корей-англис, япон-англис тилдери) | 4 жыл | Күндүзгү | 40 000 сом |
| 5 | Профиль: “Чыгыш тилдерин окутуунун усулдары/методикасы” (араб-англис, түрк-англис, фарси-англис, кытай-англис, корей-англис, япон-англис тилдери) | 5 жыл | Кечки | 37 000 сом |
| 6 | “Конфликтология” адистиги Профиль: “Жалпы конфликтология” | 4 жыл | Күндүзгү | 38 500 сом |
| 7 | “Чыгыш таануу” адистиги Профиль: “Чыгыш тилдери жана дипломатиясы” (араб-англис, түрк-англис, фарси-англис, кытай-англис, корей-англис, япон-англис тилдери) | 2 жыл/ 2.5 жыл | Күндүзгү | 45 000 сом |

# БАКЫТЫМ ДА, БАЙЛЫГЫМ ДА - КЫРГЫЗСТАН!

*Мекенден өткөн байлык жок. Андыктан Мекенибиздин кооз жаратылышы, өнүгүүсү, андагы туризмдин келечеги, түйшөлткөн көйгөйлөрү ар бирибизди терең ойлондурууга тийиш.*

*Кийинки убактарда бейиштей болгон Кыргызстаныбызга туристтердин агымы аябай көбөйдү, экотуризм кулачын жайды. Негизинен, өлкөбүзгө эс алуучулардын Казакстан, Орусия, Өзбекстан, КМШ өлкөлөрү , Германия, Франция, Испания сыяктуу Европа өлкөлөрүнөн, Араб өлкөлөрүнөн да келип жаткандары байкалууда. Көбүнчө, туристтерди Ысык-Көлдө эс алуу кызыктырат.*



## Түбөлүктүү келечектин өзөгү туризмде

Кыргызстанда туризмди өнүктүрүү артыкчылыктуу багыттардын бири. Табигый жана маданий белгилери кереметтүү айкалышкан Кыргызстан сыяктуу өлкөлөр жер жүзүндө саналуу. Мындан дүйнөдөгү тоолуу жерлердин ичинен эң сонун, суктандырган кооздукту көрүүгө болот. Гималай менен Памирден кийинки дүйнөдөгү эң бийик тоо чокулары Кыргызстанда жайгашкан. Алар Жеңиш (бийиктиги 7439 м), Ленин (7134 м), Кантоо (6995 м) ж. б. чокулары. Дүйнөдөгү ири тоо мөңгүлөрүнө кирген Эңилчек мөңгүсү бар.

Кыргыз жери жогорку туристтик потенциалга ээ жана туризм тармагын ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн бир катар жагымдуу шарттар түзүлүп жатат. Бүгүнкү күндө өлкөнүн туризм чөйрөсүндө 129 миңге жакын чарба жүргүзүүчү субъект катталган. Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, 2024-жылы эс алуучулардын саны өткөн жылдарга салыштырмалуу дээрлик 1,5 эсеге көбөйүп, 1,8 млн. адам эс алган.

Кыргызстандын табияты ар түрдүү: Арстанбап, Сары-Челек, Кара-Шоро, Кара-Кой, Суусамыр, Жети-Өгүз, Ысык-Көл, Соң-Көл сыяктуу боз үйлөр тигилген жайлоолор, балыкка бай тоо көлдөрү эс алуучуларды дайыма өзүнө тартат.

Кыргызстан Улуу жибек жолунда жайгашкан тарыхый архитектуралык эстеликтерге да бай: Сулайман-Тоо археологиялык музейи, Бурана мунарасы, Өзгөн архитектуралык комплекси, Шахфазил күмбөзү, Ташрабат кербен сарайы, Саймалы таш капчыгайындагы аскадагы сүрөттөр, Манас күмбөзү ж. б.эстеликтер бар.

Кыргызстанда туризмди өнүктүрүүнүн алты багыты көрсөтүлгөн. Алар: тоо туризми, ат минүү, маданий-маалыматтык, велосипед, эко жана жөө туризм.

2012-жылдан бери бул багытта элдин жашоо-турмушу, маданият аркылуу туристтерди тартуу үчүн көчмөндөр оюндары уюштурулуп келатат.

Кыргызстандын экономикалык өсүшүнө салым кошо турган негизги тармактардын бири катары ички жана сырткы туризм эсептелет. Анткени Борбордук Азия мамлекеттеринин ичинен жаратылышынын өзгөчөлүгү, ыңгайлуу географиялык жайгашуусу менен Кыргызстан айырмаланып турат. Анын бардык аймактары өз алдынча табигый артыкчылыктарга ээ.

Кыргызстан эгемендикке ээ болгондон тартып эле туризм тармагын өнүктүрүү үчүн мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулууда. 2021-жылдын 18- декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров кол койгон "Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо жөнүндөгү" Жарлыкта кабыл алынган чечимдер жана токтомдорду турмушка ашыруу боюнча иш чаралар аткарылууда.

## Ички туризмди өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрү

Ош облусунун аймагында ички туризмди өнүктүрүү өзгөчө орунда турат. Жергиликтүү жарандардын өзү жашаган ошол эле аймакта саякат жасоосу жакшы жолго коюлган. Ош облусунда ички туризм жылдан жылга өсүп келе жаткан тармактардын бири болуп эсептелет. Ички туризмден түшкөн кирешенин көлөмү да жыл сайын артып келе жатат. Жергиликтүү тургундар ишкердүүлүктүн бул түрүн жер-жерлерде өнүктүрүүнүн жолдорун издешүүдө. Мисалы, кышкысын тоолуу жолдордун боюнда чана тебүүнү уюштуруу, жаз айларында саамал ичүүчү жайлардын ачылышы ж.б.

Тоолуу аймактарда сезондук эс алуучу жайлардын саны жыл сайын артып келе жатат. Ош облусунун аймагы табигый кооз жерлерге бай.

Маалыматтар боюнча, Фергана өрөөнүндө 250 дөн ашуун эл зыярат кылуучу жерлер белгилүү. Ыйык жерлердин жайгашуу жыштыгы боюнча Араван, Ноокат, Кара-Суу райондору өзгөчө орунда турат. Алыскы Алайку жана Чоң- Алай өрөөнүндө да бир нече корголуучу аймактар бар. Ош шаарында Сулайман-Тоо, Араван районунда Дулдул-Ат, Ноокат районунда Сахаба, Абшыр-Ата, Кара-Суу районунда Кожокелен, Өзгөн районунда Эшен-Ата, Чоң- Алай районунда Алтын мазар ж. б. жайгашкан.

Жергиликтүү тургундар даталуу күндөрдө, жайкы эс алуу учурунда үй-бүлө мүчөлөрү менен же башка топтор менен ыйык жерлерге атайын бир күндүк, эки күндүк сапар уюштурушат. Эс алуунун эң сонун мезгили апрелдин аягы май-июнь-июль айларына туура келет.

Соңку кездерде бир күндүк же кыска мөөнөттүү турларды уюштуруу да кеңири жайылууда. Эс алуучулар Алай районунун Кежиге көлүнө, Ноокат районунун Абшыр-Ата шаркыратмасына, Каракой капчыгайына, Өзгөн районунун Кара- Шоро капчыгайына жана башка көптөгөн туристтик маршруттар менен барууга болот.

Ош облусунун аймагында ички туризмди өнүктүрүүгө бардык керектүү шарттар бар жана бул тармак келечекте кирешелүү тармактардын бирине айланат деп ишенүүгө болот.

**А.МАТИЕВА.**

Жарыялар

## КУЛАКТАНДЫРУУ

Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ош аймактык башкармалыгы төмөнкү маршруттар боюнча автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштурууга сынак жарыялайт:

| № | Лот № | Каттамдын номуру жана аталышы | Автобустарды жөнөтүү убактысы | Автобустарды жөнөтүү орду | Автобустардын керектүү саны |
|---|---|---|---|---|---|
| I | II | III | IV | V | VI |
| 1 | №20 | №378 Араван-Максым-Тобу | Кетүү 07- 00дон 18-00 чейин | с Араван | 2 |
| | | №383 Араван-Эрке-Кашка-Мангыт | Кетүү 07- 00дон 18-00 чейин | с Араван | 3 |
| | | № 378 Араван-Чек-Абад | Кетүү 08-00дон 18-00 чейин | с Араван | 6 |
| | | №181 Араван-Жаны-Жол | Кетүү 07-30 дан 19-00 чейин | с Араван | 2 |
| | | №397 Араван-Уйгур Абад | Кетүү 07-00 дөн 18-00 чейин | с Араван | 6 |
| | | № 312 Араван -Тоо-Моюн | Кетүү 07-00, кайра 14-00 | с Араван | 2 |
| | | №306 Араван-Ош | Кетүү 07-00дөн 18-00 чейин | с Араван Ошунаабекети | 35 |
| 2 | №21 | № 366 Кара-Суу-Мөөнөк-Жаны-Барак-Опытная поля | Кетүү 07-00дөн 19-00 чейин | Кара-Суу шаары | 60 |
| | | №101 Шаар ичи Ынтымак | Кетүү 07-00дөн 19-00 чейин | Кара-Суу шаары | 28 |
| 3 | №22 | №335 Ош-Гулбаар | Кетүү 07-00 дан 19-00 чейин | Ош унаабекети | 10 |
| 4 | №23 | №307 Ош-Ноокат-Ош | Кетүү 07-30 дан 13-30 чейин | Ошунаабекети Ноокат шаары | 16 |
| 5 | №24 | №446 Ош-Кашка-Суу | Кетүү 07-00дөн 14-00 чейин | Ошунаабекети | 2 |
| | | № 447 Ош-Ачык-Суу | Кетүү 07-00дөн 14-00 чейин | Ошунаабекети | 2 |
| | | №444 Ош-Дароот-Коргон | Кетүү 07-00дөн 18-00чейин | Ошунаабекети | 8 |
| | | №435а Ош-Үч-Дөбө | Кетүү 06-00дон 14-00 чейин | Ошунаабекети | 3 |
| | | №445 Ош-Сары-Могол | Кетүү 08-00 дөн 14-00 чейин | Ошунаабекети | 3 |
| 6 | №25 | №382 Араван-Төбө-Коргон | Кетүү 07- 00дон 18-00 чейин | с Тепе-Коргон | 20 |
| | | №385 Араван-Үч-Агроном | Кетүү 07- 00дон 18-00 чейин | с Араван | 2 |

Конкурска юридикалык же жеке жактар, ишкердик иш субъекти катары катталган жүргүнчүлөрдү ташууга тиешелүү уруксаттамасы бар ишкерлер катыша алат. Конкурстук сунуштар, маалыматтар электрондук түрүндө тапшырылышы керек.

Конкурстун катышуучулары, конкурстун документтерин төмөнкү station даректен ала алышат:

Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Памир тракты көч., 1, тел:(0222) 88884 .

Билдирмелер жана конкурстук документтер 05-июлдан баштап 04-август 2025-жылы саат 18:00гө чейин кабыл алынат.

Сынак Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ош аймактык башкармалыгында 05-август 2025-жылы төмөнкү дарек боюнча Кыргыз Республикасы, Ош шаары., Памир тракты көч., 1 дарегинде саат : 10-00 дө өткөрүлөт.

**Сынак комиссиясы.**

## Жараксыз деп табылсын

28.04.1984-жылы туулган Акынбай уулу Артурга таандык Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын түштүк регионалдык институтун 11.06.2012-жылкы бүтүргөндүгү боюнча берилген дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ХХХ**

Назаралиев Медербек Амирбековичке таандык болгон Ош мамлекеттик университетинин дүйнөлүк тилдер факультетин 2005-жылы бүтүргөндүгү тууралуу диплому 2 барак тиркемелери менен кошо жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ХХХ**

Төрөбаев Курманбек Азаматовичке таандык айдоочулук күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

# «Араван-Сити» кичи шаарчага айланат

**Араван районунун Достук айылынын Ош-Араван жолунун түштүк тарабында 9 кабаттан турган 10 көп кабаттуу «Арван-Сити» турак-жай комплекси курулуп жатат. Бул долбоор заманбап жашоо шарттарын түзүүгө багытталган жана аймакты өнүктүрүү үчүн калктын турк-жай муктаждыгын чечүү үчүн курулуп жаткан ири долбор болуп саналат. Биз аталган компанияга кайрылып, долбоордун жүрүшү жана келечектеги пландар тууралуу маалымат алдык. Жаңы комплекс аймактын инфратүзүмүн жакшыртууга жана калкка сапаттуу турак жай сунуш кылууга багытталганы тууралуу жазмакчыбыз.**




Курулуш иштеринин жалпы аянты 5 гектарды түзөт. Анын ичинде балдар үчүн билим берүү жана тарбия берүү мекемелери да каралган. 2,2 гектар аянтка 300 орундуу мектеп жана 150 орундуу бала бакча курулат. Бул жаңы комплекс жашоочулар үчүн билим берүү жана социалдык инфраструктураны камтыган ортожаңы шаарча болушу мүмкүн.

Курулушту тендерден утуп алган «Ансар-Трейд» ЖЧКсы алып барууда. Компания көп жылдык тажрыйбасы менен курулуш тармагында таанымал болуп, анын иши сапаттуу жана өз убагында бүтүшү менен айырмаланат. Курулуштун сапатын көзөмөлдөө жана убакытында аяктоо долбоордун негизги максаттарынын бири.

Мындан тышкары, комплекс үчүн экологиялык жактан таза шарттар түзүлүүдө. 1,8 гектар аянтка суу тазалоочу курулма курулат. Ал тургай, комплекстин ичинде балдар үчүн оюн аянтчалары жана спорт аянтчалары да каралган. Бул долбоордун негизги артыкчылыктарынын бири жашоочулардын күнүмдүк турмушуна ыңгайлуу шарттар түзүлүп, жашоо сапатын жогорулатуу.

Курулуш иштери азыркы учурда өз жемишин берүүдө. А блокто монолит иштеринин бардыгы бүткөрүлүп, кыш дубалдарын орнотуу иштери 7-кабатка чейин жетти. Б-блоктун монолит иштеринин 2-кабаты бүтүп, көп кабаттуу үйлөрдүн курулушу ыкчам жүрүүдө. Ал эми С-блоктун долбоору учурда мамлекеттик экспертизада каралууда.

А блоктун бүтүшү боюнча жогорку даражадагы пландоолор түзүлгөн жана 2025-жылдын 4-кварталында аны тапшыруу белгиленген. Ал эми калган блоктордун курулушу дагы акырындан аяктап, кичи шаарчада жашоо үчүн бардык шарттар даярдалат.

Курулуш иштерине катышкан бардык инвесторлор Кыргыз Республикасынын жарандары болуп, долбоорго ички инвестиция тартылып жатат. Бул өлкөдөгү экономикалык өнүгүүгө салым кошуп, жергиликтүү элдин жашоо шарттарын жакшыртууга багытталганына жергиликтүүлөр ыраазы.

«Араван-Сити» турак-жай комплекси аймактын социалдык жана инфратүзүмдүк абалын жакшыртууга багытталган жаңы жана чоң долбоор болуп эсептелет. Келечекте бул жердин жашоочулары үчүн керектүү бардык шарттар түзүлүп, Араван районунда кичи шаарча пайда болот.

**Н. ӨМҮРЗАКОВА.**

Объявление

## ОсОО «АИМ.Лоу.Партнерс» объявляет о проведении публичных торгов на предмет залога в Российско-Кыргызском Фонде развития

**ОсОО «АИМ.Лоу.Партнерс» объявляет о проведении публичных торгов на предмет залога в Российско-Кыргызском Фонде развития:**

• Земельный участок, мерою 3 580,0 кв.м. (с незавершенным строительством - жилой комплекс с мансардой, подземным паркингом, торгово-коммерческими объектами и бизнес-центрами), расположенный по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица Монуева, дом 136, идентификационный код: 5-11-08-0190-0135, принадлежащий ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Договора о совместном сотрудничестве в проектировании и строительстве многоэтажного жилого дома от 31.07.2019 года за р. №4426, № 2019-42948; Постановления Мэрии г. Ош №55 от 11.02.2020 года; Государственного акта о праве частной собственности на земельный участок серии Ч №898543 от 21.02.2020 года.

Начальная (стартовая) продажная цена – 1 299 085 (один миллион двести девяносто девять тысяч восемьдесят пять) долларов США. Публичные торги состоятся 12 августа 2025 года в 09:00 часов по месту расположения имущества.

• Квартира, общей полезной площадью 87,33 кв.м., жилой площадью 40,48 кв.м., находящаяся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица М. Аматова, дом 1, квартира 22, идентификационный код: 5-11-02-0070-0093-01-022, принадлежащая Орозбаеву Тайирбеку Эргешовичу на праве частной собственности на основании Договора купли продажи от 24.12.2021 года, реестр №511-2021/72623.

Начальная (стартовая) продажная цена – 65 043 (шестьдесят пять тысяч сорок три) доллара США. Публичные торги состоятся 12 августа 2025 года в 10:30 часов по месту расположения имущества.

• Квартира, общей полезной площадью 92,57 кв.м., жилой площадью 57,14 кв.м., находящаяся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица М. Аматова, дом 1, квартира 54, идентификационный код: 5-11-02-0070-0093-01-054, принадлежащая ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на оснований Акта оценки соответствия вводимого в эксплуатацию завершенного строительством объекта №5 от 11.11.2021 года.

Начальная (стартовая) продажная цена – 80 502 (восемьдесят тысяч пятьсот два) доллара США. Публичные торги состоятся 12 августа 2025 года в 10:45 часов по месту расположения имущества.

• Нежилое помещение, общей полезной площадью 372,93 кв.м., находящееся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица М. Аматова, дом 1/59, идентификационный код: 5-11-02-0070-0093-01-059, принадлежащее ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Акта оценки соответствия вводимого в эксплуатацию завершенного строительством объекта №5 от 11.11.2021 года.

Начальная (стартовая) продажная цена – 293 246 (двести девяносто три тысячи двести сорок шесть) долларов США. Публичные торги состоятся 12 августа 2025 года в 11:00 часов по месту расположения имущества.

• Нежилое помещение, общей полезной площадью 40,52 кв.м., находящееся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица М. Аматова, дом 1/72, идентификационный код: 5-11-02-0070-0093-01-072, принадлежащее ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Акта оценки соответствия вводимого в эксплуатацию завершенного строительством объекта №5 от 11.11.2021 года.

Начальная (стартовая) продажная цена – 27 910 (двадцать семь тысяч девятьсот десять) долларов США. Публичные торги состоятся 12 августа 2025 года в 11:15 часов по месту расположения имущества.

• Нежилое помещение, общей полезной площадью 438,19 кв.м., находящееся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица М. Аматова, дом 1/75, идентификационный код: 5-11-02-0070-0093-01-075, принадлежащее ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Акта оценки соответствия вводимого в эксплуатацию завершенного строительством объекта №5 от 11.11.2021 года.

Начальная (стартовая) продажная цена – 196 695 (сто девяносто шесть тысяч шестьсот девяносто пять) долларов США. Публичные торги состоятся 12 августа 2025 года в 11:30 часов по месту расположения имущества.

• Нежилое помещение, общей полезной площадью 82,03 кв.м., находящееся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица Курманжан Датка, дом 142, кв. 15/16, идентификационный код: 5-11-02-0070-0003-01-055; принадлежащее ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Договора купли продажи №511-2021-18745 от 01.04.2021 года; Дополнительного соглашения от 29.11.2021 года, реестр №511-2021-65335.

Начальная (стартовая) продажная цена – 63 030 (шестьдесят три тысячи тридцать) долларов США. Публичные торги состоятся 12 августа 2025 года в 12:00 часов по месту расположения имущества.

• Нежилое помещение, общей полезной площадью 27,01 кв.м., находящееся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица Курманжан Датка, дом 142/17, идентификационный код: 5-11-02-0070-0003-01-017, принадлежащее ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Договора купли продажи №511-2021-18761 от 01.04.2021 года; Дополнительного соглашения от 29.11.2021 года, реестр №511-2021-65331.

Начальная (стартовая) продажная цена – 19 666 (девятнадцать тысяч шестьсот шестьдесят шесть) долларов США. Публичные торги состоятся 12 августа 2025 года в 12:15 часов по месту расположения имущества.

• Квартира, общей полезной площадью 54,02 кв.м., жилой площадью 34,18 кв.м., находящаяся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица Курманжан Датка, дом 142, кв. 18,19, идентификационный код: 5-11-02-0070-0003-01-056, принадлежащая ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Договора купли продажи №511-2021/18753 от 01.04.2021 года; Дополнительного соглашения от 29.11.2021 года, реестр №511-2021/65332.

Начальная (стартовая) продажная цена – 31 375 (тридцать одна тысяча триста семьдесят пять) долларов США. Публичные торги состоятся 12 августа 2025 года в 12:30 часов по месту расположения имущества.

• Квартира, общей полезной площадью 39,01 кв.м., жилой площадью 22,56 кв.м., находящаяся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица Курманжан Датка, дом 142, кв. 20, идентификационный код: 5-11-02-0070-0003-01-020, принадлежащая ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Договора купли продажи №511-2021/18755 от 01.04.2021 года; Дополнительного соглашения от 29.11.2021 года, реестр №511-2021/65334.

Начальная (стартовая) продажная цена – 23 874 (двадцать три тысячи восемьсот семьдесят четыре) доллара США. Публичные торги состоятся 12 августа 2025 года в 12:45 часов по месту расположения имущества.

• Квартира, общей полезной площадью 100,84 кв.м., жилой площадью 61,48 кв.м., находящаяся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица Ленина, дом 170, кв. 32, идентификационный код: 5-11-02-0005-0072-01-032, принадлежащая Зикировой Динаре Шарабидиновне, действующей за себя и как законный представитель от имени несовершеннолетних детей - Эргешова Мухаммедали Замирбековича и Эргешова Абдурахмана Замирбековича, на праве частной собственности на основании Договора купли-продажи от 31.01.2022 года, реестр № 511-2022/6933,6934,6935.

Начальная (стартовая) продажная цена – 69 622 (шестьдесят девять тысяч шестьсот двадцать два) доллара США. Публичные торги состоятся 12 августа 2025 года в 14:00 часов по месту расположения имущества.

• Квартира, общей полезной площадью 57,94 кв.м., жилой площадью 42,31 кв.м., находящаяся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица ул. Абакир уулу Торобека, дом 3, квартира 45, идентификационный код: 5-11-10-0248-0009-01-045, принадлежащая Капарову Чубаку Абдылдаевичу на праве частной собственности на основании Договора купли продажи от 25.01.2008 года, реестр №186.

Начальная (стартовая) продажная цена – 28 692 (двадцать восемь тысяч шестьсот девяносто два) доллара США. Публичные торги состоятся 12 августа 2025 года в 14:45 часов по месту расположения имущества.

Желающим принять участие на публичных торгах, не позднее чем за один день до торгов необходимо подать заявку в ОсОО «АИМ.Лоу.Партнерс» и внести гарантийный взнос в размере 5 (пять) % от начальной (стартовой) продажной цены на банковский счёт организатора торгов в ЗАО «Кыргызский Инвестиционно-Кредитный Банк» («Kyrgyz Investment and Credit Bank»), № 1280096054371310 (сом), БИК 128009.

*стартовая продажная цена, указанная в долларах США, окончательно устанавливается эквивалентно в сомах по курсу Национального Банка КР на день реализации предмета залога.

Участник, выигравший публичные торги, должен в течение 5 (пяти) дней внести на расчетный счет организатора торгов сумму (покупную цену) за вычетом суммы ранее внесенного гарантийного взноса.

**Телефон для справок: 0312 88 88 86, 0558 98 28 58, адрес: 720011, г. Бишкек, ул. Фрунзе, 429,**
**e-mail: aimpartners.kg@ gmail.com.**

# Чеке жылыткан иштер арбын

**Ынтымак- түндүктөн Өзбекстан, түштүктөн Алай, чыгыштан Өзгөн райондору менен чектешкен Кара-Суу районундагы эң четте жайгашкан айыл аймагы. Биз жакында аталган айыл аймагынын башчысы Кутманалы Кудайбердиевич Карыбековго жолугуп, аны менен маектешип кайтканбыз.**



***-Кутманалы Кудайбердиевич, инвестиция илгерилөөнүн өбөлгөсү эмеспи, сөз башатын ушул багыттан баштасак?***

- 2025-жылдын 20-мартында биздин аймактын Таш-Арык айылында курулган "Ош таза көмүр" жаңы заводунун ачылыш аземине Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевич катышты. Ишкана тарабынан чыгарылган продукциянын түрү: кыш чыгаруу жана көмүр байытуу. Ал жылына 50 млн. бышырылган кыш чыгарат жана 600.000 тонна көмүр байытат. Азыркы учурда ишкана толук кандуу иштеп жатат. "Ош таза көмүр" жаңы заводунун жетекчилиги Таш-Арык айылына заманбап балдар бакчасынын имаратын куруп жатат. Мектепке чейинки билим берүү мекемеси 1-сентябрга чейин пайдаланууга берилмекчи.

Инвесторлордун кызыккандыгын себеби-бул аймактын топурагынын курамында туз аз. Райондук мамлекеттик администрациясынын колдоосу менен жылына 100 млн. даана бышырылган кыш чыгара турган Кытай Эл Республикасынан келген дагы бир инвестор үчүн ыңгайлуу шарт түзүп жатабыз. Бүгүнкү күндө инвестор тарабынан тез курула турган сапаттуу конструкциялар алынып келинүүдө. Алардын айтуусунда завод алты айдын ичинде пайдаланууга берилет.

Баарыңыздарга белгилүү, 2025-жылдын 22-майында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Кара-Суу районуна караштуу Ынтымак айыл аймагынын Ак-Терек айылына "МЖМ-Групп" ЖЧКсы тарабынан курулуп жаткан, жалпы кубаттуулугу 9 мегаватты түзгөн төрт чакан ГЭСтин, электр энергиясын берүү жана бөлүштүрүүчү подстанциясынын ошондой эле заманбап гидротехникалык курулмаларды куруу үчүн атайын бетон чыгаруучу заводдун курулушун баштоо алдында мезгил кутучасын салуу аземине катышкан болчу.



Төрт чакан ГЭСтин үчөө, 2 подстанция биздин айыл аймакка карагандыктан алардын салыгы бизге түшүп, жергиликтүү бюджеттин көлөмү көбөйөт.

Азыркы учурда 600 маркасында чыгаруучу бетон заводун куруу аракеттери башталды. Алайга салына турган чакан ГЭСтин жетекчилери Гүлчө-Кызыл-Суу автожолун жана 3 көпүрөнү ондоп берет.

Ак-Терек айылында орун алган алтын ылгоочу "Эдельвейс Голд" жоопкерчилиги чектелген коому ушул айылга балдар бакчасын куруп бермекчи. Ишкана ага керектүү каражатты биздин атайын эсепке которду. Тендер өткөрүлгөндөн кийин курулуш иштери башталат.

Биздин айыл аймактын борбору Жаңы-Арык айылында жайгашкан "Ош Дюбек" ачык акционердик коомунун пайдаланбай жаткан 10,7 гектар аянт жери бар болчу. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары, Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук Комитетинин төрагасы Камчыбек Ташиевдин тапшырмасы менен "Ош Дюбек" ачык акционердик коому бул 10,7 гектар аянтты мамлекеттин эсебине өткөрүп берди. Бул жер аянты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарынын көзөмөлүндө тургандыктан азыркы учурда анын 1,8 гектар аянтына мамлекеттин эсебинен 5 кабаттуу 5 үй курулуп жатат. Бул үйлөр жыл аягына чейин пайдаланууга берилет.

Мамлекеттин эсебине өткөрүп берилген калган аянтка спорт комплекси, балдар бакчасы, маданият үйү, ФАП сыяктуу соц.обектилер курулмакчы.

***-Кара-Суу районунун 90 жылдык маарекесинин алкагында Ынтымак айыл аймагынын Правда айылында заманбап шарттар менен жабдылган жаңы бала бакча өз эшигин ачкан болчу.***

- Правда айылында ачылган бала бакча 75 балага ылайыкталып, 8 жергиликтүү тургун иш менен камсыздалды. Правда айылынын жашоочулары үчүн балдар бакчасы абдан керек болчу.

Жаңы ачылган кең, жарык жана коопсуз шарттарда балдар тарбияланып, ата-энелер үчүн ишенимдүү жана ыңгайлуу мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Ачылыш аземине Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким Канат Табалдиев катышып, эл менен чогуу кубанычты бөлүштү. Ал айылдыктарга кайрылган сөзүндө "Балдардын татыктуу тарбия алуусу — бул ар бир үй-бүлөнүн тилеги гана эмес, бүтүндөй коомдун келечегине салынган пайдубал. Мындай мекемелер аймактын өнүгүшүнө, жаш муундун билими менен бакубат жашоосуна өбөлгө болот. Бала бакча – бул жөн гана имарат эмес, бул – келечекке болгон инвестиция деп белгиледи.

***-Мектептердин ремонтуна да токтолуп өтсөңүз?***

-Үстүбүздөгү жылы кезектеги ремонт үчүн керектүү каражаттар бөлүнүп берилди. Жаңы-Арык айылында жайгашкан эски система менен иштеген №127-мектептин жылытуу системасы 4 млн. 700 миң сом каражат жумшалып, ал жаңы система менен алмаштырылды. Кызыл-Суу айылындагы Нышанбаев, Бапыгулов атындагы орто мектептердин чатырлары жаңыланып, Кулбаев атындагы мектеп капиталдык ремонттон өткөрүлөт.

***-Сиздер эл аралык "Ас-Сафа" уюму менен да кызматташып жаттыңыздар эле?***

- Айыл аймагынын жетекчилиги Ак-Терек айылындагы 3 гектар жерди "Ас-Сафа" эл аралык уюмуна бөлүп берген. Аталган уюм тарабынан 100 үй-бүлөгө ылайыкташкан 25 даана үй салынмакчы. Ага чыныгы муктаж жарандар жайгаштырылат.

***-Айлана-тегеректи жашылдандыруу, көркүнө келтирүү жумуштарынын жыйынтыгы кандай?***

-Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун "Жашыл мурас" программасынын алкагында быйылкы жылы жаз айларында бул өнөктүккө айыл аймактын бардык жашоочулары, мектеп окуучулары катышты. Бул иш-чарага Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев жана Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Канат Табалдыев катышып, алар Ак-Терек айылына 100 түп жана Правда айылына 400 түп йине жалбырактуу көчөттөрдү эгүүгө салым кошушту. Азыркы учурда көчөттөрдүн кароосу жакшы болгондуктан алардын өсүмү жакшы.




**Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.**